
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ



Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин
2026 - жылдын «30» 04
№ 598 буйругу менен
БЕКИТИЛДИ

“А. МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ” МЕКЕМЕСИНИН

УСТАВЫ

Ош шаары -2026-жыл.

1-бөлүм. Жалпы жоболор

1. "А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети" Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик окуу жайы болуп саналат. Анын билим берүү жана илимий ишмердүүлүгү жогорку кесиптик билим берүү, жогорку окуу жайдан кийинки жана кошумча кесиптик билим берүү программаларын, ошондой эле кесипкөй жана жалпы орто билим берүү программасын ишке ашырууга, ошондой эле илимий-изилдөө жана өндүрүштүк ишмердүүлүктү ишке ашырууга багытталган.

2. Ош мамлекеттик педагогикалык университети өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, "Билим берүү жөнүндө", "Илим жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарын жана тескемелерин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдорун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорун жана буйруктарын, билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ченемдик укуктук актыларын, уюштуруучунун (укуктуу мамлекеттик органдардын) чечимдерин, Кыргыз Республикасынынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-декабрындагы №796 токтому менен бекитилген Кесиптик жогорку жана жогорку окуу жайдан кийинки билим берүүнүн мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмунун үлгүлүү уставын, ошондой эле ушул Уставды жетекчиликке алат.

3. Ош мамлекеттик педагогикалык университети жалпы билим берүү, кесиптик жана кошумча билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча билим берүү ишин жүзөгө ашырат, ошондой эле мыйзамдарда белгиленген тартипте илимий-изилдөө жана өндүрүштүк иштерди аткарат.

4. Университеттин толук фирмалык аталышы:

- Мамлекеттик (кыргыз) тилинде: "А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети";
- Расмий (орус) тилинде: «Ошский государственный педагогический университет имени А. Мырсабекова»;
- Англис тилинде: «Osh State Pedagogical University named after A. Myrsabekov».

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин кыскартылган фирмалык аталышы:

- мамлекеттик (кыргыз) тилде: ОшМПУ;
- расмий (орус) тилинде ОшГПУ;
- англис тилинде: OshSPU.

5. Университеттин юридикалык дареги:

- Мамлекеттик (кыргыз) тилде: 714003, Ош ш., Н. Исанов к., 73;
- Расмий (орус) тилинде: 714003, г. Ош, ул. Н. Исанова, 73.

6. Университеттин негиздөөчүсү Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновация министрлиги болуп саналат.

7. Ош мамлекеттик педагогикалык университети (ОшМПУ) жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик мекемеси (коммерциялык эмес уюм) болуп саналат. ОшМПУнун балансындагы кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк мамлекеттик менчик болуп саналат.

Мүлктү менчиктештирүүгө жана тартып алууга тыюу салынат; алар ОшМПУнун оперативдүү башкаруусунда мөөнөтсүз жана акысыз колдонулат.

8. Университет юридикалык жак болуп саналат, өзүнчө мүлккө ээ, өз алдынча баланска ээ, Кыргыз Республикасынын жана чет мамлекеттердин банктык жана насыялык мекемелеринде өзүнүн улуттук жана чет элдик валютадагы эсептешүү эсептерине ээ, ошондой эле:

- Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү түшүрүлгөн жана өзүнүн аталышы жазылган мөөргө ээ;
- өзүнүн тарыхын чагылдырган өзүнүн атрибутикасына жана символикасына укуктуу, өзүнүн логотиптерин колдонот;
- өз функцияларын оперативдүү башкаруу укугу менен өзүнө бекитилген мамлекеттик менчик базасында жүзөгө ашырат;
- бардык структуралык бөлүмдөрдү, анын ичинде юридикалык жактардын укугу менен иш жүргүзгөндөрдү камтыган бирдиктүү билим берүү, илимий-өндүрүштүк комплекс катары иштейт.

9. 18-май - Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин (ОшМПУ) күнү. Бул күндү окуу жайдын кызматкерлери майрам катары белгилешет.

2-бөлүм. Университеттин укуктары жана милдеттери

10. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана өзүнүн Уставына ылайык, университет билим берүүнү колдоо жана өнүктүрүүгө багытталган билим берүү, административдик жана финансылык-экономикалык ишмердүүлүктү өз алдынча жүргүзүүгө, башкаруу чечимдерин, анын ичинде адам ресурстарын жана активдерди башкаруу маселелери боюнча кабыл алууга, ошондой эле бюджеттик жана атайын каражаттардын пайдаланылышын контролдоого укуктуу.

Университет окутуунун натыйжаларын баалоо тутумун; билим берүү процессин уюштуруу методикаларын; билим берүү технологияларын, анын ичинде аралыктан билим берүү технологияларын өз алдынча аныктайт.

11. Билим берүү процессин уюштурууда университет окутуу тилдери катары эки же андан көп тилди колдонууга укуктуу.

12. Университет өзүнчө мүлктү өткөрүп бере алат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган атайын фонддордун же булактардын каражаттарынын эсебинен юридикалык жак же филиал статусундагы түзүмдүк бөлүмдөрдү түзө алат. Түзүмдүк бөлүмдөр филиалдарды же башка бөлүмдөрдү түзүүгө укугу жок.

13. Студенттерди бир багыт же адистик боюнча даярдоо, орто жана жогорку кесиптик билим берүү программаларынын алкагында кадрларды

даярдоо жана кайра даярдоо үчүн кайталанган түзүмдүк бөлүмдөрдү, институттарды, борборлорду, факультеттерди ж.б. түзүүгө тыюу салынат.

14. Университетте саясий жана диний партияларды жана бирикмелерди түзүүгө тыюу салынат. Университетте студенттер жана педагогикалык кызматкерлер арасында саясий же диний үгүттөө жана пропаганда жүргүзүүгө жол берилбейт.

15. Университет окутуучунун жана студенттин түздөн-түз өз ара аракеттенүүсү менен салттуу окутуу ыкмасын онлайн окутуу ыкмасы менен айкалыштырган гибриддик окутуу методун колдонууга укуктуу.

16. Ош мамлекеттик педагогикалык университети (Ош МПУ) дуалдык окутууну ишке ашырууга укуктуу, мында студенттердин керектүү билим жана көндүмдөргө ээ болушу теориялык жана практикалык даярдыкты айкалыштыруу аркылуу камсыз кылынат: теориялык бөлүгү билим берүү уюмунда, практикалык бөлүгү студенттин жумуш ордунда ишке ашырылат.

17. Ош мамлекеттик педагогикалык университети эки же андан көп билим деңгээлдеринин билим берүү программаларын ишке ашырган комплекстүү билим берүү уюму катары билим берүү ишин жүргүзүүгө укуктуу.

18. Университет коомдук уюмдарды жана бирикмелерди (союздар, академиялар, кесиптик ассоциациялар, окуу-методикалык бирикмелер, илимий-методикалык, илимий-техникалык жана башка кеңештерди жана уюмдарды), ошондой эле окуу-өндүрүштүк жана инновациялык бөлүмдөрдү түзүүгө укуктуу.

19. Университет өз иши жана ишке ашырып жаткан иш багыттары жөнүндө маалыматтарды камтыган ачык жана жалпыга жеткиликтүү маалымат ресурстарын түзөт.

3-бөлүм. Билим берүү уюмунун түзүмү

20. Структуралык бөлүмчөлөрдүн юридикалык жактары өзүлөрүнүн уставдарынын жана жоболорунун негизинде өз ишин жүзөгө ашырышат, өз алдынча баланска ээ болушат жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү мыйзамдарына, ошондой эле ушул Уставдын талаптарына ылайык өз ишин так жүзөгө ашырууну камсыз кылышат.

21. Университеттин өз структурасында илимий-изилдөө институттары жана алардын структуралык бөлүктөрү, факультеттери, институттары, кафедралары, лабораториялары, борборлору, башкармалыктары, бөлүмдөрү, окуу-өндүрүштүк жана окуу-тажрыйба чарбалары, колледждери, мектептери, мектепке чейинки билим берүү уюмдары жана башка бөлүктөрү бар.

22. Университеттин структуралык бөлүмдөрү жалпы орто билим берүү, орто жана жогорку кесиптик билим берүү, ошондой эле кошумча жана жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү программаларын белгиленген тартипте ишке ашыра алышат.

23. Университеттин өзү түзгөн түзүмдүк бөлүмдөр окуу жана илимий процесстердин натыйжалуулугу жана сапаты үчүн, ошондой эле түзүмдүк бөлүктөр жөнүндө жоболордо белгиленген тартипте башка милдеттерди аткарууга жооптуу.

4- бөлүм. Билим берүү уюмун башкаруу

24. Университеттин башкаруусу демократиялык, борбордон ажыратуу, автономия жана өз алдынча башкаруу принциптерине негизделет.

25. Университеттин биргелешкен башкаруу формалары жалпы чогулуш, байкоочу кеңеш, окумуштуулар, илимий-техникалык жана башка кеңештер же комитеттер болуп саналат. Өз алдынча башкаруу органдарын шайлоо тартиби жана алардын ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана университеттин уставы менен аныкталат.

26. Университеттин жогорку башкаруу органы - бул анын негиздөөчүсү болуп саналат. Анын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

• университеттин уставын бекитүү;

• университетти кайра уюштуруу жана жоюу жөнүндө чечимдерди кабыл алуу, жоюу комиссиясын дайындоо жана жоюу балансын бекитүү;

• Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-декабрындагы №796 токтому менен бекитилген Үлгүлүү уставда каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу.

27. Университеттин жалпы жыйыны башкаруунун коллегиалдык органы болуп саналат. Университеттин жалпы жыйынынын ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

- жамааттык келишимдин долбоорун кароо, кабыл алуу жана өзгөртүүлөрдү киргизүү, анын аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү;

- ушул Уставда каралган башка ыйгарым укуктар.

28. Университеттин түздөн-түз жетекчилигин ректор жүргүзөт.

Ректорду кызматка дайындоо жана кызматтан бошотуу Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №418 "Мамлекеттик жогорку окуу жайларынын жетекчилерин дайындоонун, бошотуунун жана аттестациялоонун тартиби жөнүндө" токтому, Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 10-июнундагы №329 "Кесиптик орто жана жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтому, ошондой эле аталган документтер менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Кесиптик жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки билим берүү мекемеси жөнүндө жобосу менен жөнгө салынат.

29. Университеттин ректору:

• Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ушул Уставга, Университеттин окумуштуулар кеңешинин чечимдерине туура келбеген же

коддоону зарылдыгы жоголгон учурларда, мурда өзү тарабынан чыгарылган буйруктарды жана тескемелерди толугу менен же жарым-жартылай жокко чыгарууга (күчүн жоготту деп табууга) укуктуу;

- Университетте коррупциялык укук бузуулардын алдын алуу, аныктоо жана бөгөт коюу боюнча чараларды ишке ашырууну камсыз кылат, Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын талаптарын аткарууну уюштурат, ошондой эле Университеттин кызматкерлери жана билим алуучуларынын коррупцияга каршы чөнемдерди сактоосун көзөмөлдөйт;
- ОшМПУнун ишинин жыйынтыгы үчүн толук жоопкерчилик тартат;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бардык органдарда, уюмдарда жана ишканаларда ишеним катсыз билим берүү укугунун ээсинен чыгат;
- Окумуштуулар кеңеши жактырган түзүмдүк бөлүмдөр жөнүндө жоболорду бекитет;
- ОшМПУнун ички тартибинин эрежелерин, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ОшМПУнун уставына каршы келбеген локалдык ченемдик актыларын кабыл алат жана жокко чыгарат;
- ОшМПУнун мүлкүн тескейт, келишимдерди түзөт, ишеним каттарды берет, банктарда эсептерди ачат жана жабат;
- билим берүү, илимий, өндүрүштүк, финансылык-чарбалык ишмердүүлүктү жетектейт;
- бардык кызматкерлер, студенттер, аспиранттар жана докаранттар үчүн милдеттүү болгон буйруктарды чыгарат жана көрсөтмөлөрдү берет;
- ишеним кат боюнча өзүнүн ыйгарым укуктарынын бир бөлүгүн багыттар боюнча проректорлорго, институттардын директорлоруна, филиалдардын, башка түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилерине өткөрүп берет;
- проректорлорду (окуу иши боюнча проректордон тышкары), түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилерин кызмат ордуна дайындайт жана бошотот, буйрук менен алардын конкреттүү милдеттерин аныктайт;
- профессордук-педагогикалык персонал менен мөөнөттүү эмгек келишимдерин түзөт жана бузат, башка категориядагы кызматкерлерди ишке кабыл алат жана бошотот;
- кызматкелерди сыйлоо жана тартиптик жаза берүү маселелерин чечет;
- ОшМПУнун кызматкерлеринин кызматтык милдеттерин аныктайт.

30. Окумуштуулар кеңешин түзүү, иштөө тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген 2025-жылдын 10-июнундагы №329 “Кесиптик жогорку жана орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө” токтому менен

бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки билим берүү уюму жөнүндө жобого ылайык аныкталат.

31. Окумуштуулар кеңеши ОшМПУнун коомдук-кесиптик башкаруу органы болуп саналат. Окумуштуулар кеңешинин кадрларды тандап алуу, жайгаштыруу, жумуштан бошотуу маселелери, финансылык-чарбалык иш боюнча чечимдерди сунуштоо мүнөзүнө ээ.

32. ОшМПУнун көзөмөлчүлүк кеңеши - юридикалык жак статусу жок, мамлекеттик билим берүү уюмунун уставдык максаттарына жетүү үчүн көмөк көрсөтүү, ошондой эле кошумча (бюджеттен тышкаркы) каражаттарды тартуу жана алардын максаттуу пайдаланылышын контролдоо боюнча функцияларды жүзөгө ашыруучу мамлекеттик билим берүү уюмунун шайлануучу өз алдынча башкаруу органы.

33. Окумуштуулар кеңешинин курамы 15 адамдан кем эмес санда түзүлөт. Окумуштуулар кеңеши төрагасы болуп ректор эсептелинет.

34. ОшМПУнун Көзөмөлчүлүк кеңешин түзүү, иштөө тартиби жана милдеттери "Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 23-августундагы №468 "Социалдык чөйрөдөгү мекемелердин көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө" токтому менен бекитилген Социалдык чөйрөдөгү мекемелердин көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндөгү типтүү жобого ылайык аныкталат.

5-бөлүм. Билим алуучуларды кабыл алуу, которуу, бүтүрүү жана окууга калыбына келтирүү тартиби

35. ОшМПУга абитуриенттерди кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 355 "Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларын бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына кабыл алуу тартибине ылайык жүргүзүлөт.

36. Бюджеттик каражаттардын эсебинен окуган же кесиптик жогорку билим алган Кыргыз Республикасынын жарандары жогорудагы токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө жободо көрсөтүлгөн учурларда мамлекеттик билим берүү грантынын (бюджеттик орундун) өлчөмүндө билим берүү уюмунун адисти даярдоого кеткен чыгымдарынын ордун толтурууга милдеттүү.

37. Билим алуучуларды которуу, окуудан чыгаруу жана окууга калыбына келтирүү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-сентябрындагы №590 "Жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салган ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын

жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын билим алуучуларын которуу, окуудан чыгаруу, окууга калыбына келтирүү жана академиялык өргүү берүү тартиби жөнүндө жобого ылайык жүзөгө ашырылат.

38. Билим алуучулуарды учурдагы контролдоо, орто аралык аттестациялоо жана академиялык карыздарды жоюу тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-сентябрындагы № 590 "Жогорку кесиптик били берүүнүн билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салган ченемдик укуктук актыларды бектитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогоку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын билим алуучуларын которуу, окуудан чыгаруу, окууга калыбына келтирүү жана академиялык өргүү берүү тартиби жөнүндө жобого ылайык аныкталат.

6-бөлүм. Билим алуучулардын укуктары жана милдеттери

39. Белгиленген тартипте ОшМПУга кирген бардык билим берүү программаларында билим алып жаткан адамдар билим алуучу статусуна ээ болот. Билим алуучуга белгиленген үлгүдөгү же электрондук түрдөгү документ же зачеттук китепче берилет.

40. Билим алуучулар төмөнкү укуктарга ээ:

- сапаттуу билим алууга;
- коопсуз билим берүү чөйрөсүнө;
- ден соолукта, адеп-ахлактык жана руханий өнүгүүгө зыян келтирүүчү маалыматтан, пропагандадан жана үгүттөн коргоого;
- медициналык кароого жана медициналык биринчи жардамды уюштурууга;
- эксплуатациялоонун жана ден-соолукка зыян келтирүүчү аракеттердин ар кандай түрүнөн, ошондой эле дене бойлук жана психологиялык зомбулуктан, кадыр-барктыбасмырлоодон коргоого;
- адамдык кадыр-баркын урматтоого, өз көз караштарын жана ишенимдерин эркин билдирүүгө;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык сапаттуу билим алууга;
- кошумча билим берүү кызматтарын, анын ичинде акы төлөө негизинде да билим алууга;
- билим берүү уюмдарында маалыматтык ресурстарды акысыз пайдалануга;
- Кыргыз Республикасынын аскердик милдет, аскердик жана альтернативдик кызмат жаатындагы мыйзамдарына ылайык аскердик кызматка чакырууну кийинкиге калтырууга (күндүзгү окуу формасында окугандар үчүн).

41. Билим алуучулар окутуунун кандай болбосун этабында билим берүү уюмун жана окутуу формасын тандоого, мамлекеттик билим берүү

стандартына ылайык билим алууга, ошондой эле жекече билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн алууга укуктуу.

42. Билим берүү программасын толук көлөмдө ишке ашыруу үчүн аралыктан билим берүү технологияларын пайдаланган билим берүү уюмдарында билим алуучулар билим алуучулардын бардык укуктарына жана милдеттерине, ал эми аларды аяктаганда - бул билим берүү уюмдарынын билими жөнүндө документтерин алуу укугуна ээ.

43. Билим алуучулар билим берүү программаларын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде өздөштүрүүгө, ички тартип эрежелерин сактоого, жүрүм-турумдун этикалык ченемдерин сактоого, жалпы улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды урматтоого, ОшМПУга келтирилген зыян үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамына ылайык жоопкерчилик тартууга милдеттүү.

44. Билим берүү программалары боюнча билим алган, программаны мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде толук көлөмдө өздөштүргөн билим алуучулар жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизилет.

45. Негизги программа боюнча окууну аяктаган, бүтүрүүчү квалификациялык ишти жактаган жана тиешелүү мамлекеттик экзамендерди тапшырган билим алуучуларга мамлекеттик аттестациялык комиссиянын чечими менен даярдоонун тиешелүү багыттары (адистиктери) боюнча квалификация ыйгарылат жана аяктагандыгы жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү же өзүнүн үлгүсүндөгү документ (диплом) берилет. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жүргүзүү тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-майындагы №258 “Кесиптик жогорку жана орто билим берүү чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө” токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобого ылайык жүргүзүлөт.

7-бөлүм. Университеттин кызматкерлери

46. ОшМПУда административдик-башкаруу, илимий-педагогикалык, профессордук-окутуучулар курамы, илимий кызматкерлер, инженердик-техникалык, административдик-чарбалык, өндүрүштүк, окуу-көмөкчү жана башка персоналдын кызмат орундары каралат. Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык кызмат орундарын эмгек келишими (контракт) боюнча ээлешет.

47. Илимий-педагогикалык курамдын, профессордук-окутуучулар курам, илимий кызматкерлер кызмат орундарын ээлөө контракт жана конкурстук негизде жүргүзүлөт. Эмгек келишимин түзүүнүн (5 жылдык мөөнөткө) алдында конкурстук тандоо жүргүзүлөт. Конкурстарды өткөрүү жана келишимдерди түзүү тартиби Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндө мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер

Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы №329 “Кесиптик жогорку жана орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарында профессордук-окутуучулук курамдын кызмат орундарын ээлөө тартиби жөнүндө жобого ылайык аныкталат.

48. Кафедра башчыларын дайындоо жана бошотуу, кафедранын ишин уюштуруу тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы №329 “Кесиптик жогорку жана орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмунун факультети жана кафедрасы жөнүндө жобого ылайык аныкталат.

49. Илимий-педагогикалык курамы, профессордук-окутуучулук курамы жана илимий кызматкерлер контракттык жана сынактык негизде кызмат орундарын ээлешет. Эмгек келишимин түзгөнгө чейин (5 жылдык мөөнөткө) сынактык тандоо өткөрүлөт. Сынактарды өткөрүү жана келишимдерди түзүү тартиби Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы №329 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү мекемелеринде профессордук-окутуучулук курамынын кызмат орундарын ээлөө тартиби жөнүндө жобо менен аныкталат.

50. Кафедралардын башчыларын дайындоо жана бошотуу, кафедранын ишин уюштуруу аталган №329 токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү мекемесинин факультети жана кафедрасы жөнүндө жобого ылайык ишке ашырылат.

51. Администрациялык-башкаруу жана чарба кызматкерлеринин (декандардан тышкары), инженердик-техникалык, окуу-көмөкчү, тейлөөчү жана башка кызматкерлердин кызматкерлери мөөнөттүү эмгек келишими боюнча жумушка алынат. Аларды жумуштан бошотуу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына же эмгек келишиминде (контрактта) каралган шарттарга ылайык ишке ашырылат.

52. Факультеттин деканы шайлоо жолу менен дайындалат. Факультетти түзүү, деканын дайындоо жана бошотуу “Кесиптик орто жана жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы №329 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү мекемесинин факультети жана кафедрасы жөнүндө жобого ылайык жүзөгө ашырылат.

53. Илимий-педагогикалык курамынын укуктары жана милдеттери аталган №329 токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки билим берүү мекемеси жөнүндө жобо менен аныкталат.

54. ОшМПУнун административдик-башкаруу жана чарбалык, инженердик-техникалык, окуу-көмөкчү, тейлөөчү жана башка кызматкерлеринин укуктары жана милдеттери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, билим берүү уюмунун ички эрежелеринде, кызматтык нускамаларда жана Уставда аныкталат.

55. Университетте илимий-педагогикалык жана илимий адистерди даярдоо төмөнкү формаларда жүзөгө ашырылат:

- докторантура (аспирантура, Ph.D);
- илимдин докторунун илимий даражасын ыйгарууга диссертациялык изилдөөлөр үчүн илимий кызматкерлерди даярдоо;
- илимдин кандидаты жана докторунун илимий даражасын ыйгарууга диссертациялык изилдөөлөр үчүн талапкерлерди даярдоо жана бекитүү;
- диссертациялык ишти аяктоо үчүн чыгармачылык өргүү берүү.

Илимий-педагогикалык кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу университеттин атайын бөлүмдөрүндө, ошондой эле кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарында белгиленген тартипте ишке ашырылат. Илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону уюштуруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

56. ОшМПУнун илимий-изилдөө институттарынын окутуучулары жана алдыңкы окумуштуулары негизги кызматтарды кафедра башчысынын, декандын же анын орун басарынын кошумча милдеттери менен айкалыштыра алышат.

57. Административдик-башкаруу кызматкерлери кызматын педагогикалык иш менен кошо аткара алышат. Бул милдеттерди аткаруу шарттары Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары жана билим берүү жана илим тармагында мамлекеттик саясатты жана башкарууну жүзөгө ашыруучу мамлекеттик бийликтин аткаруу органынын ченемдик актылары менен жөнгө салынат.

8- бөлүм. Билим берүү процессин уюштуруу

58. Билим берүү кызматтары ар кандай билим берүү формаларындагы студенттин жеке муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен берилет. Билим берүү процессин уюштуруу "Жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-сентябрындагы № 590 токтому менен бекитилген Академиялык кредиттерди пайдалануу менен жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринде окуу процессин уюштуруу жөнүндө жобого ылайык жүзөгө ашырылат.

59. Билим берүү программаларын өздөштүрүү төмөнкү формаларда жүзөгө ашырылат: күндүзгү, күндүзгү сырттан (кечки), дистанциялык,

сырттан, экстернат, ошондой эле үйдө окутууну кошкондо жеке окутуу формасы.

60. Күндүзгү сырттан (кечки), сырттан жана экстернат формасында өздөштүрүүгө мүмкүн болбогон кесиптердин жана адистиктердин тизмеси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 17-февралындагы №76 "Дистанттык окутуу технологияларын колдонууну жөнгө салуучу нормативдик укуктук актты бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген.

61. Күндүзгү сырттан (кечки), сырттан жана экстернат формасында өздөштүрүүгө мүмкүн болбогон кесиптер жана адистиктер боюнча дистанттык окутуу технологияларын пайдалануу менен окутуу "Жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашырууда дистанттык окуу технологияларын колдонуу жөнүндө" №76 токтомунда белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

62. Университетте тил саясаты Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

63. Билим берүүнүн бардык формалары жана деңгээлдери боюнча сабактардын негизги түрлөрү мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарын аткарууну камсыз кылган окуу пландары жана программалары менен аныкталат.

Негизги сабактардан тышкары, университет студенттердин кызыкчылыктарын жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган факультативдик жана башка сабактардын түрлөрүн, ошондой эле кошумча кызматтарды камтышы мүмкүн.

9-бөлүм. Университеттин илимий жана илимий-техникалык иши

64. Билим берүү ишмердүүлүгү менен катар университет илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырат, илимий изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерди жүргүзөт, анын ичинде интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды ишке ашырат.

65. Университет жана анын илимий-техникалык кызматкерлери республикалык бюджеттен жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардан каржыланган илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программаларга жана долбоорлорго, анын ичинде сынактарга катышууга укуктуу.

66. Университеттин илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык ишмердүүлүгү Илимий кеңештин төрагасынан, илимий катчысынан жана илимдин багыттары боюнча алдыңкы окумуштуулардан турган илимий-техникалык кеңеш тарабынан башкарылат. Илимий-техникалык кеңешти түзүү жана анын ишинин тартиби ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

67. Илимий-техникалык кеңеш илимий гранттарды бөлүштүрүүгө, илимий изилдөөлөрдүн деңгээлин жогорулатууга жана ОшМПУда изилдөөлөрдүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоого, ошондой эле алардын натыйжаларын өндүрүштүк жана социалдык чөйрөгө киргизүүгө ыйгарым укуктуу.

68. Илимий гранттар илимий жана илимий-техникалык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө бөлүнөт жана ОшМПУнун жетекчилиги тарабынан бекитилген сметалык планга жана ОшМПУнун Байкоочу кеңеши менен макулдашууга ылайык университеттин атайын каражаттарынан каржыланат.

69. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте илимий лабораторияларды, илимий-изилдөө институттарын, илимий билим берүү борборлорун, тажрыйбалык өндүрүштөрдү, долбоорлоо-конструктордук уюмдарды, технопарктарды, технополистерди, бизнес-идеяларды ишке ашыруу борборлорун, ошондой эле илимий-билим берүү консорциумдарын жана чарбалык коомдорду түзүүгө, ошондой эле илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык иштин натыйжасын ишке ашыруудан киреше алууга укуктуу.

70. Университет илимий-инновациялык өнүгүү максатында бизнес-структуралар жана ишканалар менен биргелешип иштөө үчүн имараттарды жана жер тилкелерин колдоно алат.

71. Университет билим берүү уюмунун ичиндеги атайын каражаттардын жок дегенде бир пайызын илимди өнүктүрүүгө бөлүүгө милдеттүү.

72. Университетте сөзсүз түрдө фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөр жүргүзүлөт, алар жогорку кесиптик билими бар бакалаврларды, магистрлерди, изилдөөчүлөрдү жана адистерди сапаттуу даярдоонун негизи болуп саналат.

10-бөлүм. Билим берүүнү өнүктүрүү үчүн каржылоо

73. Университетти каржылоо булактары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы №329 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку жана жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү мекемеси жөнүндө жобого ылайык аныкталат.

74. Акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын тарифтерин университет өзү белгилейт.

75. Университет бухгалтердик эсеп жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүгө милдеттүү.

76. Менчик формасына карабастан университет мүлктүн жана финансылык каражаттардын сакталышына, алардын натыйжалуу жана максаттуу колдонулушуна жоопкерчилик тартат. Университеттин жетекчиси финансы-чарбалык тартиптин сакталышына жооп берет.

77. Университеттин Байкоочу кеңеши финансылык жана башка материалдык каражаттарды жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу төгүмдөрүнөн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка кирешелерден гана ыктыярдуу негизде тартууга укуктуу.

78. Университеттин Байкоочу кеңеши билим берүү уюмунун ишин камсыз кылуу, материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү жана чыңдоо үчүн донорлорду (инвесторлорду, меценаттарды), финансылык жана башка материалдык ресурстарды издөөгө жана тартууга укуктуу, ошондой эле бул каражаттардын түшүшү жана сарпталышы жөнүндө отчетторду массалык маалымат каражаттары, интернет-сайт жана башка ыкмалар аркылуу жарыялоого милдеттүү.

79. Студенттердин ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) үчүн университеттин финансылык жана башка жардамы жөнүндө маалыматтар, ошондой эле киреше жана чыгымдар жөнүндө отчеттор билим берүү уюмунун жалпыга жеткиликтүү жайларында жайгаштырылышы керек.

81. Университеттин Байкоочу кеңеши тарабынан тартылган финансылык каражаттар казыначылыктын атайын эсебине которулат жана Байкоочулар кеңешинин чечимине ылайык максатына ылайык пайдаланылат.

82. Байкоочу кеңештин төрагасы финансылык жана материалдык каражаттардын келип түшүүсү жана алардын сарпталышы жөнүндө отчет бербегендиги үчүн жооп берет.

11-бөлүм. Университеттин инфраструктурасы жана материалдык-техникалык базасы

83. Инфраструктурага жана материалдык-техникалык базага билим берүү, илимий-изилдөө ишинде жана билим берүү тармагындагы башка милдеттерди аткарууда пайдаланылуучу имараттар, курулуштар, курулмалар, коммуникациялар, жабдуулар, транспорт каражаттары, ошондой эле башка материалдык жана техникалык активдер кирет.

84. Университеттин материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү бекитилген атайын каражаттардын чегинде өз алдынча ишке ашырылат. Жабдууларды сатып алууга жана капиталдык оңдоп-түзөөгө чыгымдардын көлөмү университет тарабынан керектөөлөрдү жана финансылык мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен кирешелердин жана чыгымдардын бекитилген сметалык планынын чегинде өз алдынча аныкталат.

85. Билим берүү, илимий-изилдөө, окуу-өндүрүштүк ишмердүүлүк жана билим берүү чөйрөсүндөгү башка милдеттерди чечүү үчүн пайдаланылуучу университеттин материалдык-техникалык базасы бөлүнүп чыгарылбайт, пайдаланууга акысыз берилбейт жана алынышы мүмкүн эмес.

86. Университеттин материалдык-техникалык базасын ижарага берүүдөн алынган кирешелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык университет тарабынан бөлүштүрүлөт.

12-бөлүм. Эл аралык кызматташтык

87. Университет чет элдик жана эл аралык уюмдар жана мекемелер менен түздөн-түз байланыштарды түзүүгө, ОшМПУнун билим берүү жаатындагы жетишкендиктерди баалоо боюнча эл аралык изилдөөлөргө катышуусуна көмөктөшүүгө, мамлекет аралык жана эл аралык билим берүү, илимий жана илимий-изилдөө программаларын ишке ашырууга, ошондой эле жарандык мыйзамдарда жана Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы мыйзамдарында белгиленген тартипте эл аралык коомдук билим берүү бирикмелерине кирүүгө укуктуу.

13-бөлүм. Университетти кайра уюштуруу жана жоюу тартиби

88. Университетти кайра уюштуруу жана жоюу Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдары жана "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынат.

89. Университет кайра уюштурулганда, анын түзүму же статусу өзгөргөндө, уставга тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилет. Уставга өзгөртүүлөр университеттин илимий кеңеши тарабынан каралат жана Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги тарабынан бекитилет.

ректор: Зулпуев Б. Б.


Тигилген, номерленген жана бекитилген басма тамгалар менен жазуу 15 (он беш) барактар
Кызматы жет. адис ук
коюу Адыл / Мамбетович /
"30" 04 2020 жыл
М.О.
КАНЦЕЛЯРИЯ